# Бийикте бол

Кылымдарды карыткан
Көп кишилер зарыккан
Улуу менен кыргыз жерим жашап келет жарыкта
Кан тамыры кыргыздар
Бийиктеги жылдыздар
Жүрөгүндө бекем сактайт өз намысын уул-кыздар
Биримдик бизге жанашсын
Бир болуу тынчтык кепили
Бакубат жашоо жарашсын
Бириксин элим жетилип
Бек болойлу темирдей биз
Ийилсек дагы сынбайлы
Сыноолорго жеңилбейли
Чындыкты жалгыз тыңдайлы
Ак шумкардай бийикте бол
Ачык болуп асманың
Тынчтык менен биримдиктен
Бөлөк жолун баспагын
Туура чечим тандап алуу
Ар бир заттын колунда
Өркүндөгүн кыргыз жерим
Азаттыктын жолунда
Ар бир жаран тамырын
Кыймылдатып иштеткен
Болсун бийик кадырың
Бейкуттукка ишенткен
Бары үчүн сен бактыңа
Бошпу селим кишенден
Өсүп жатат жаш урпагың бир өзүнө ишенген
Биримдик бизге жанашсын
Бир болуу тынчтык кепили
Бакубат жашоо жарашсын
Бириксин элим жетилип
Бек болойлу темирдей биз
Ийилсек дагы сынбайлы
Сыноолорго жеңилбейли
Чындыкты жалгыз тыңдайлы
Ак шумкардай бийикте бол
Ачык болуп асманың
Тынчтык менен биримдиктен
Бөлөк жолун баспагын
Темирдей бек болойлу колдорубуз кармашып
Алдыга умтулайлы ката жолдон адашып
Бул менин тандоом, ал сага деле жарашсын
Бирге болуп элдин оюу кереги жок талашып
Ынтымак керек бизге жуткан таза абадай
Элиме бөлүүнү, уруш-талашты каалабайм
Коргойлу барыбыз болгон күчүбүздү аябай
Биз үчүн Кыргызстаным өсүп жаткан баладай
Келечек кең бизде Бул өмүрдүн туура чечимдерин сен изде
Биз менен бирге болуп жамандыкты жең бирге

Ынтымакты сынбайбыз бекем болуп темирдей
Мен билем жакшы күндөр дагы алдыда
Эл билип жүрөктөрү күйүп жалындап
Мен билем кимге берем өмүрүмдүн барын тең
Эл да билип кара менен актын айырмасын
Ак шумкардай бийикте бол
Ачык болуп асманың
Тынчтык менен биримдиктен
Бөлөк жолун баспагын
Ак шумкардай бийикте бол
Ачык болуп асманың
Тынчтык менен биримдиктен
Бөлөк жолун баспагын
Туура чечим тандап алуу
Ар бир заттын колунда
Өркүндөгүн кыргыз жерим
Азаттыктын жолунда
Ак шумкардай бийикте бол